DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2020

*Кенешбек кызы Д.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН УКУКТУК МАКАМЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН ФОРМАЛАРЫНА

*Кенешбек кызы Д.*

# К ФОРМАМ РЕАЛИЗАЦИИ ПРАВОВОГО СТАТУСА ЖОГОРКУ КЕНЕША КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*Keneshbek kyzy D.*

# FOR THE FORMS OF IMPLEMENTATION OF THE LEGAL STATUS OF THE JOGORKU KENESH OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 342*

*Макалада Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин укуктук макамын ишке ашыруунун формаларынын айрым аспектилери каралат. Бул максатта Жогорку Кеңештин ишмердигинин негизги уюштуруучулук-укуктук формасы катары анын сессиялары, аларды укуктук жөнгө салуу тартиби жана жол-жоболору, алардын укуктук жана практикалык мааниси изилденет. Аталган аспектте Жогорку Кеңештин комитеттери менен убактылуу комиссиялары, алардын негизги милдеттери жана Жогорку Кеңештин укуктук макамын ишке ашыруудагы ролу да каралат. Өзгөчө көңүл Жогорку Кеңештеги парламенттик фракцияларга бөлүнөт. Алардын укуктук жана саясий табияты жана аны менен байланышкан фракциялардын саясий позициялары жана алардын Жогорку Кеңештин ишмердигиндеги мааниси талданат. Макалада Жогорку Кеңештин укуктук макамын ишке ашыруунун формаларынын бири катары парламенттик угууларды изилдөөгө да көңүл бөлүнөт.*

***Негизги сөздөр:** депутат, Жогорку Кеңеш, парламент, парламенттик фракция, регламент, парламенттин сессиясы, саясий партия, Кыргыз Республикасы.*

*В статье рассматриваются отдельные аспекты форм реализации правового статуса Жогорку Кенеша Кыргызской Республики. В этих целях исследуются сессии Жогорку Кенеша в качестве основной организационно-правовой формы деятельности парламента, процедуры и порядок их правового регулирования, их правовое и практическое значение. В данном аспекте рассматриваются также комитеты и временные комиссии Жогорку Кенеша, их основные задачи и роль в реализации правового статуса Жогорку Кенеша. Особое внимание уделяется парламентским фракциям в Жогорку Кенеше. Проводится анализ их правовой и политической природы и связанные с ней политические позиции фракций и их значение в деятельности Жогорку Кенеша. В статье уделяется внимание также исследованию парламентских слушаний как одной из форм реализации правового статуса Жогорку Кенеша.*

***Ключевые слова:** депутат, Жогорку Кенеш, парламент, парламентская фракция, регламент, сессия парламента, политическая партия, Кыргызская Республика.*

*The article examines certain aspects of the forms of implementation of the legal status of the Jogorku Kenesh of the Kyrgyz Republic. For these purposes, the sessions of the Jogorku Kenesh are studied as the main organizational and legal form of the parliament's activities, procedures and order for their legal regulation, their legal and practical significance. In this aspect, the committees and provisional commissions of the Jogorku Kenesh are also studied, their main tasks and role in the implementation of the legal status of the Jogorku Kenesh. Particular attention is paid to parliamentary factions in the Jogorku Kenesh. The analysis of their legal and political nature is carried out as well as relevant political positions of factions and their importance in the activities of the Jogorku Kenesh.*

***Key words**: deputy, Jogorku Kenesh, parliament, parliamentary faction, rules, session of parliament, political party, the Kyrgyz Republic.*

Чет өлкөлүк адистештирилген юридикалык адабияттарда өлкөдөгү парламенттин конституциялык жана укуктук статусунун практикасы парламентаризмдин өнүгүү жолун туура тандоого байланыштуу болот деп айтылат. Мында кеп мамлекеттик бийликтин механизмин жана өзүнүн коомдогу аброюн колдонуу менен парламенттин элдин өкүлчүлүктүү органы катары шайлоочулардын эркин мыйзамда чагылдыруу менен алардын кызыкчылыктарын жүзөгө ашыруу тууралуу болуп жатат [1].

Биздин пикирибизде, парламенттин конституциялык-укуктук макамын практика жүзүндө ишке

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



ашырууну мындай түшүнүү, биринчиден, анын макамынын маңызы менен мазмунуна байланыштуу келип чыгат.

Экинчиден, анын механизмдеринин негизги элементин же, тагыраак айтканда, ишке ашыруу механизминин негизги «кыймылдаткычын» парламенттин депутаты түзөөрү талашсыз.

Албетте, Жогорку Кеңештин депутатынын ишмердүүлүгү тиешелүү формаларда өтөт. Юридикалык тилде алар уюштуруучулук-укуктук формалар деп каралышат. Анткени мындай формалар депутаттын конституциялык-укуктук макамынын мазмунуна жараша аныкталышат. Башкача айтканда, маселе кайсы ыйгарым укуктар кандай укуктук формада ишке ашырылышында.

Жогоруда белгиленгендей, парламенттин депутатынын айрым конституциялык жана юридикалык ыйгарым укуктары парламенттин пленардык отурумдарында, комитеттердин жана атайын комиссиялардын отурумдарында, фракциялардын жыйналыштарында же башка иш-чараларда, ал эми калгандары тийиштүү шайлоодо же шайлоочулар менен чечим кабыл алууда жүзөгө ашырылат. Буга байланыштуу депутаттын иши анын конституциялык жана башка укуктук ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу менен аныкталат. Мында маселе анын ыйгарым укуктарынын биринчи кезекте Жогорку Кеңештин жалпы ишмердигине байланыштуу ишке ашырылышында болуп жатат.

Жогорку Кеңештин ишмердигинин негизги уюштуруучулук-укуктук формасы болуп, анын сессиялары эсептелет [2].

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 77-статьясынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйыны айдын биринчи жумушчу күнүнөн июнь айынын акыркы жумушчу күнүнө чейин жыйын түрүндө өткөрүлөт. Парламенттин сессиялары Жогорку Кеңештин депутаттары тарабынан чакырылат жана алардын көпчүлүгү мындай сессияларга катышууга укуктуу. Парламенттин жыйынында катышкан депутаттардын добушунун негизинде кабыл алынган чечимдер негизинен кабыл алынып, жана алар боюнча токтом менен мыйзамдаштырат. Ушул Мыйзамдын 35-беренесиндеги Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин регламентине ылайык, Жогорку Кеңештин кезектеги сессиялары, эгерде башкача каралбаса, шаршемби жана бейшемби күндөрү өткөрүлөт. Жолугушуулар эртең менeнки 9: 30да башталып, кечки 6:00дө аяктайт. Мыйзамда Жогорку Кеңештин чечиминен тышкары, жуманын каалаган күнүндө президенттин же парламенттин төрагасынын сунушу боюнча, шаршемби жана бейшемби күндөрдү кошпогондо, жыйындын убактысын узартуу, ошондой эле кезексиз жыйындарды өткөрүү каралган.

Парламенттин бешинчи чакырылышынын спикери А.Ш. Жээнбековдун отчетуна ылайык, 2013-жылдын сентябрь айынан 2014-жылдын сентябрь айына чейин Жогорку Кеңештин иши боюнча 83 пленардык жыйын өткөн. Бул жолугушуулардын жүрүшүндө болжол менен 298 мыйзам долбоору каралып, анын 182си үч окуудан өтүп, андан кийин кабыл алынды. Жогоруда айтылгандардан тышкары 80 протоколдук тапшырма жеткирилген.

Алтынчы чакырылыштагы Жогорку Кеңештин төрагасы Д.Жумбековдун отчетунда 2018-жылдын сентябрынан жана 2019-жылдын июнь айынын акырына чейинк болуп өткөн Жогорку Кеңештин сессиясында негизинен 66 Жогорку Кеңештин жыйын өткөрүлүп, анда 102 мыйзам, 539 токтом кабыл алынган жана 642 Жогорку Кеңешке тиешелүү иш-чара өткөрүлгөн. Граждандардын 20565 кайрылуусу каралып, шайлоочулар менен 2938 жолугушуу өткөрүлгөн. Парламенттик көзөмөл алкагында Өкмөттүн жана мамлекеттик органдардын отчеттору угулган. Жогорку кеңеш өзүнүн жылдык ишмердигинин натыйжасында “сот-укук реформасынын алкагында жаңы кодекстерди колдонууга киргизүү, “Коопсуз шаар” долбоорун ишке ашыруу, радиациялуу кендерди иштетүүгө тыюу салуу сындуу көптөгөн көйгөйлүү маселелерди талкуулап, тиешелүү чечимдерди кабыл алган [5].

Бул жерде баса белгилеп кетчү маселе Жогорку Кеңештин жыйналыштарында парламенттин өкүлчүлүк, мыйзам чыгаруу жана контролдук фунциялары жүзөгө ашырылат.

Алсак, Жогорку Кенештин 2019-жылдын 20-мартындагы отурумунда Өкмөттүн курамына ишенбестик көрсөтүлгөн. Жогорку Кенештин депутаттары өздөрүнүн контролдук ыйгарым укуктарынан пайдаланып, мамлекеттик бийликтин башка органдарын да сынга алып келишет. Алсак, КСДПнын парламенттик фракциясынын мүчөсү, депутат Р. Момбеков өкмөттүн дарегине сын-пикирлер көп айтылып келди. Бирок өкмөт өзүнүн дарегине айтылып келген сындан жыйынтык чыгарбаганын, 2018-жылдын жыйынтыгы боюнча бюджеттин киреше бөлүгү аткарылбай, 6 млрд. сомдон ашуун акча чогултулбай калганын, кадр саясатында калпыстыктарга орун берилип жатканын белгилеп, «өкмөт толугу менен кызматтан кетсин» деп талап кылган [6].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Депутаттардын айтымында [6], Жогорку Кеңештин депутаттары министрлерге ачуу сын айтып эле тим болбой, аларды айныгыс фактылар менен далилдеп берсе да өкмөт башчы ага чара көргөн жок. Мисалы, саламаттык сактоо министрин Жогорку Кеңештин Конституцияны коргогон комитети кызматтан кетирүүнү сунуш кылып чечим чыгарып берди. Бирок анын ордуна сөгүш берип койду. Президент С.Жээнбеков «тоо-кен тармагында коррупция токтогон» жок деп Коопсуздук кеңешинин жыйынында катуу сөз айтып, өкмөткө өктөм сөз айтса, анын башчысын калтырып, үч орун басарын алып койду. Айыл чарба министрлигине, Транспорт министрлигине канча сын айтылат, бирок өкмөт башчы алардын бирине да көңүл бурган жок. Өкмөт мүчөлөрүнүн иш-аракеттерине эл тарабынан, президент тарабынан, парламент тарабынан баа берилип, айтылып жатса да, алты акимди иштен алып, алты министрге сөгүш берип коюп отурган премьерге не десе болот? Абылгазиев жок дегенде Сооронбай Шариповичтин деңгээлинде «чык эшикке» деп катуу айта албай койбодубу! Анан бул премьерден эмнени күтсө болот? Бул өкмөттүн тушунда бир да ири инвестициялык долбоор ишке ашкан жок. КСДП фракциясы инвестициялык климат маселесин караганда өкмөткө караштуу Инвестицияларды илгерилетүү агенттигинин башчысынан: «Канча сомдук инвестиция тарттыңар?» деп сурадык. Жообу күлкү келерлик. Анткени алар тогуз ай ичинде болгону тогуз млн. сомдук долбоорду ишке ашырыптыр, ал эми өздөрүнүн айлык маянасына 22 млн. сом кетиптир. Ачыгын айтуу керек, мурунку Сапар Исаковдун өкмөтү төрт айдын ичинде төрт млрд. сомго жакын профицит менен келсе, азыркы өкмөт жети айда 6,5 млрд. сомду чогулта албай келип атпайбы. Азыркы булар айтып жаткан «Коопсуз шаар» долбоорунан ушул убакка чейин 100 млн. сом түшүп калууга тийиш эле. Бул долбоор деле азыркы өкмөттүн мактана турган долбоору эмес. Бул коммерциялык долбоор. Чынын айтканда, азыркы жарым-жартылай ишке ашып жаткан долбоорлордун баары «Таза коомдун» убагында башталган иштер болчу. Булар элдин алдында баалайтурган жумуш кылган жок [6].

Парламенттин жана анын депутаттардын негизги иш формаларынын бири болуп саналган – парламенттик көзөмөл жүргүзүү.

Парламенттик көзөмөл мамлекеттик бийликтин өкүлчүлүктүү жана мыйзам чыгаруу органдарынын мамлекеттик-укукутук иш аракеттин бир түрү катары эсептелет [7].

Жогорку Кеңештин көзөмөл функциясынын алкагында 2019-жылдын 17-апрелинде Жогорку Кенештин пленардык жыйналышы өтүп, анда Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору Ө. Жамшитовдун 2018-жылдагы мамлекетибиздеги мыйзамдуулуктун абалы жана аны бекемдөө боюнча прокуратура органдарынын ишмердиги жөнүндө отчетун уккан [8].

Албетте, Башкы прокурордун отчетун угуу учурунда депутаттар мыйзамдуулук, айрыкча, коррупцияга каршы аракеттенүү, прокуратура органдарынын ишмердиги жана башка көгөйлүү маселелер боюнча суроолор менен кайрылышып, бул жаатагы өз көз-караштары менен бөлүшүшкөн [9].

Жогорку Кенештин депутаттары Ө. Жамшитовдун отчетун «канааттандыраарлык» деп табуу менен бирге, Башкы прокуратурага бир топ тапшырмаларды берген. Алсак, коррупцияга каршы аракеттенүү, коррупциялык укук бузууларды кесепеттерин азайтуу жана жоюу боюнча иштерди улантуу керектигин белгилешкен. Прокуратура органдарынын көңүлүн өзгөчө жарандардын арыздары менен иштөөгө жана мындай иштердин натыйжалуу жүргүзүлүшүн талап кылышкан. Мындан сырткары, депутаттар балдар укугун сактоо чөйрөсүндөгү маселелердин көңүлдөн сыртта калбашын белгилешкен. Прокуратура органдарынын негизги аракеттери балдардын өмүрүн жана ден-соолугун коргоо жөнүндөгү мыйзамдардын ченемдеринин сакталышына жана жашы жете элек балдардын мыйзам бузуулары боюнча профилактикалык иштерди жүргүзүүгө багытталышы керектиги Жогорку Кенеш бул маселе боюнча кабыл алган тиешелүү токтомдо бекитилген [8].

Жогорку Кеңештин депутаттары жана жалпы парламенттин иши ар дайым коомдо ар кандай пикирлердин жаратып кызык талкууда. Мисалы, алтынчы чакырылыштагы Жогорку Кеңешке карата бир катар сындар айтылууда.

Мындай сындар негизинен Жогорку Кенештин депутаттык курамынын сапатына, депутаттардын бир күндө 30-40 мыйзамды «дүңү менен» кабыл алуусу, айрым мыйзамдардын терс коомдук пикир жаратуусу (маселен, депутат К. Рыспаев баш болгон демилгечилердин жалпы маалымат каражаттары жөнүндөгү мыйзам долбоору), мамлекеттик көйгөйлүү (чек ара, сел, шамал, жазгы жер иштетүү, Кумтөр ж.б.у.с.) маселелердин ордуна өз кызыкчылктары менен алектигине байланышкандыгын эксперттер айтып келишет [10].

Айрым эксперттердин айтымында, IV чакырылыштагы "Ак Жол" фракциясынын депутаттары оппозиция тарабынан көп сындап, аларды "балык" жана

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2020

"көз каранды" деп аташкан, анткени алар мурунку чакырылышка салыштырылган. Андан кийин, 5-чи чакырылыштагы башкарып жаткан фракциянын көз каранды депутаттарынан биз бир топ убактыттан кийин “Ак жол” партиясынын ийгиликтүү иштешине ынандык. Ал эми, алтынчы чакырылыштын депутаттарынын ишмердүүлүгүнүн негизинде ушундай абалга алып келген парламентке кандай баа берсе болот?» деп Д. Орунбеков суроолуу тыянак чыгарат [10].

Жогорку Кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары анын парламенттик комитеттердин жана комиссиялардын иштерине катышуусу менен да ишке ашырылат.

Анткени, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 76-беренесинин жана Жогорку Кеңештин Регламентинин 25-беренесинин жоболоруна ылайык, Жогорку Кеңештин комитеттери, биринчи кезекте, парламенттин компетенциясына кирген маселелерди даярдоону жана алдын ала кароону жүзөгө ашырат.

Буга байланыштуу мыйзамдар жана парламенттин ченемдик укуктук актылары Жогорку Кеңештин тийиштүү комитеттери тарабынан алардын долбоорлору алдын-ала каралгандан кийин кабыл алынат.

Экинчиден, комитеттер мыйзамдардын жана парламент кабыл алган чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөшөт.

Үчүнчүдөн, парламенттин шайлоого, мамлекеттик кызматка дайындоого жана бошотууга макулдугу Жогорку Кеңештин тийиштүү комитеттеринин корутундусу менен берилет.

Биздин оюбузча, бул жерде көрсөтүлгөн конституциялык жана укуктук жоболор парламенттик комитеттердин укуктук статусун аныктайт. Маселе, биринчиден, парламенттик комитет негизги парламенттик орган катары кабыл алынгандыгында. Жогорку Кеңештин статусуна жана функцияларына ылайык, анын сессияларында козголгон же каралган ар кандай маселе парламенттин тиешелүү комитеттеринде алдын ала каралышы керек. Экинчиден, парламенттин комитети, парламенттин өзү сыяктуу эле, үч негизги парламенттик функцияга ээ: өкүлчүлүк, мыйзам чыгаруу жана көзөмөл. Парламенттик комитеттердин ушул парламенттик функцияларды ишке ашыруусу баарына тиешелүү.

Үчүнчүдөн, комитеттер мыйзамдардын предметине жараша бөлүнүшөт жана айырмаланышат. Ошентип, алтынчы чакырылыштагы Жогорку Кеште тогуз парламенттик комитет түзүлдү [11].

Төртүнчүдөн, мындай Жогорку Кеңештин өкүлчүлүк комитетинин мүнөзү жана укуктук статусу анын иш-милдеттерин натыйжалуу аткарууга укуктук кепилдиктерди берет. Жогорку Кештин ишмердүүлүгүндө анын убактылуу комиссияларынын ролу да чоң. "КРнын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 33-беренесинин негизинде парламент алгач айрым маселелерди иликтөө үчүн атайын комиссияларды түзөт. Экинчиден, фракциялар же комитеттер мындай комиссияны түзүүнү сунуштоого укуктуу. Үчүнчүдөн, фракциялардын сунушу Жогорку Кеңештеги өкүлчүлүктү эске алуу менен, кеминде беш депутаттан турган комиссия түзүлөт.

Жогорку Кеш мамлекеттин жана коомдун актуалдуу маселелерин чечүү үчүн иликтөө үчүн бир катар атайын комиссияларды түзөт.

Ошентип, алтынчы чакырылыштагы Жогорку Кеңеш жылуулук энергетикасы, 7-8-август окуялары жана башка маселелер боюнча комиссияларды түздү.

Парламенттин депутатынын милдеттерин аткаруу механизминде анын парламенттик фракциянын ишине катышуусу өзгөчө орунду ээлейт. Себеби, Жогорку Кеңештин депутаты, парламенттик комитеттердин жана бүтүндөй Жогорку Кеңештин ишине катышып, өзүнүн парламенттик өкүлчүлүктүн, мыйзамдуулуктун жана контролдун негизги функцияларын аткарат. Эгерде депутат ушул функцияларды алса, анда ал өзүнүн саясий көз карашын парламенттик фракциянын ишине катышуу менен билдире алат. Биздин оюбуз боюнча, бул парламенттик фракциялар саясий табиятына байланыштуу жана андан келип чыгат.

Анткени фракция өзүнүн табияты боюнча бир эле мезгилде парламенттик да, саясий да орган болуп эсептелет [12; 13].

Конституциялык-укуктук адабиятта туура аныкталгандай, “3 фракция табияты боюнча партиялык тизме менен шайланып келген депутаттарды бириктирген, партиянын кызыкчылыктарын көздөгөн, парламентте түзүлүүчү партиялык орган. Ошону менен бирге фракция парламентте түзүлүп, өзгөчө мамлекеттик-бийликтик ыйгарым укукка ээ болот. Дал ошол укуктарды пайдаланып, фракция Жогорку Кеңеште өз партиясынын программасына негизделген саясатын жүргүзөт” [13; 14, 167-б.].

Парламенттин өзүнүн ишмердигинин уюштуруучулук-укуктук формаларынын катарында, дүйнөлүк парламенттик практикага жана улуттук парламенттик мыйзамдарга ылайык, парламенттик угууларды бөлүп карасак болот.

Л.Ю. Свистунова парламенттик угууларды мамлекеттик бийликтин өкүлчүлүктүү, мыйзам чыгаруучу органынын ишмердигинин укуктун ченемдери менен жөнгө салынган, өз алдынча уюштуруучулук-укуктук формасы деп тааныйт. Автордун пикиринде,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



анын мазмунун катышуучулардын пикирлерин билүү жана талкууланып жаткан маселе боюнча депутаттардын объективдүү позициясын иштеп чыгуу максатында парламенттин компетенциясына кирген орчундуу маммлекеттик жана коомдук маанидеги маселени бийлик оргадарынын, эксперттердин жана коомчулуктун өкүлдөрүнүн катышуусундагы коомдук талкуу түзөт [15].

Парламенттик угуулардын маанисин эске алуу менен Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу ишмердигинде айрым олутту мамлекеттик маанидеги мыйзамдар сөзсүз түрдө парламенттик угууларга чыгарылууга тийиш деген тыянакты сунуштайбыз.

**Адабияттар:**


1. Шаклеин Н.И. Конституционно-правовой статус федерального и региональных парламентов Российской Федерации и проблемы его совершенствования: сравнительно-правовое исследование: дис. ... д.ю.н. - М., 2011.
2. Арабаев А., Арабаев Р., Береналиева А. Парламентское право Кыргызской Республики /Под ред. д.ю.н., проф. А. Арабаева; КНУ, Юрид. ин-т. - 2-изд., доп. - Бишкек, 2015.
3. «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2011-ж. 25-ноябрындагы № 223- мыйзамы // Эркин-Тоо. - 2011. - 2-дек.
4. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы А.Ш. Жээнбековдун отчету. - http://www. kenesh.kg/; Асылбек Жээнбеков: "Жогорку Кеңештин бул чакырылышы ишин аяктагыча энергетика жана газ көйгөйүн чечип беребиз" (спикердин жылдык отчёту). - https://www.super.kg/kabar/news/83291/.
5. Төрага Дастанбек Жумабеков: "Жогорку Кеңештин өткөн сессиясында бир катар маанилүү мыйзамдар, олуттуу чечимдер кабыл алынды, көйгөйлүү маселелер каралды". - http://kenesh.kg/ky/news/show/8120/toraga-dastanbek-zhumabekov-zhogorku-keeshtin-otkon-sessiyasinda-bir-katar-maaniluu-miyzamdar-oluttuu-chechimder-kabil-alindi-koygoyluu-maseleler-karaldi.
6. Момбеков: Өкмөттүн иши көзгө көрүнгөн жок. - https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_politics_economy_goverment/29835619.html.
7. Караев Р.Ш. Конституционно-правовые формы парламентского контроля за исполнительной властью в РФ: дис. ... к.ю.н. - Ростов-на-Дону, 2005.
8. Жогорку Кенеш признал отчет генпрокурора Ө.Джамшитова удовлетворительным. - https://kaktus.media/doc/390143_jogorky_kenesh_priznal_otchet_genprokyrora_otkyrbeka_djamshitova_ydovletvoritelnym.html
9. Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору Ө.Жамшитовдун отчетунун стнеограммасы. - http://www.kenesh.kg/.
10. «Жогорку Кенештин тарыхында мынчалык сабатсыз, ар кошкон курам чогула элек». - http://fakt.kg/?p=12860.
11. http://www.kenesh.kg/ky/committee/list/34.
12. Арабаева А. Политические партии, Парламент, депутатские объединения / Под ред. д.и.н., профессора А.А. Акунова. - Бишкек: Право и политика, 2010.
13. Арабаева А.А. Депутатские объединения в Жогорку Кенеше Кыргызской Республики: политико-правовой анализ: дис. … канд. полит. наук. - Бишкек, 2011.
14. Арабаев А.А., Арабаев Р.А. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу: Жалпы жана Өзгөчө бөлүктөрү: Окуу китеби. - Бишкек: КУУ, Юрид. ин-т, Кырг.-Рос. билим берүү академ., 2014.
15. Свистунова Л.Ю. Парламентские слушания как организационно-правовая форма деятельности законодательного (представительного) органа государственной власти в Российской Федерации: дисс. ... к.ю.н. - Краснодар, 2013. - 283 б.